# № 16 НООКЕН ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

## №1 Насырбеков Бакытбек Насырбекович



**Туулган датасы:** 28.04.1985
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Директор ЖЧК «Гарант плюс 2013»


*Бүгүнкү тандоо - эртеңки келечек!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

1. Жаштарды аскердик-патриоттук тарбиялоо.
2. Биздин кымбат жана урматтуу ардагерлерге жана пенсионерлерге камкордук көрүү.
3. Райондун жергиликтүү тургундарын жана жаш адистерди ишке орноштуруу көйгөйлөрүн чечүү.
4. Райондун тургундары үчүн жаңы жумуш орундарын түзүү.
5. Жаңы ишканаларды куруу жана өнүктүрүү, жеке ишкерлерге жардам берүү.
6. Туризмди, спортту өнүктүрүү жана спорттук жана билим берүү ишин каржылоо маселелерин чечүү.
7. Окуу жайларды каржылоого жардам берүү жана колдоо көрсөтүү, маданий эс алуу, окуу, спорт, жаштарды ишке орноштуруу үчүн шарттарды уюштуруу.
8. Районду өнүктүрүү, спорттук мектептерди, стадиондорду, балдар бакчаларын, балдар жана спорт аянтчаларын куруу, жолдорду, көчөлөрдү жана короолорду жарыктандыруу, көчөлөрдү жашылдандыруу.
9. Унаа токтотуучу жайларды куруу.
10. Кызмат көрсөтүүлөрдү жана материалдык базаны жакшыртуу, саламаттык сактоого финансылык колдоо.
11. Райондун транспорттук системасын, жол кыймылынын коопсуздугун өркүндөтүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
МАЙЛУУ-СУУ Ш. КАХОВСКАЯ КӨЧӨСҮ №5.
ТЕЛ.:0778 76-91-09,0553 30-85-30
ПОЧТА: NASYRBEKOVBAKYT@GMAIL.COM

## №2 Арстанбеков Акылбек Советбекович



**Туулган датасы:** 02.04.1965
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
"Кыргызстан" топтолмо пенсиялык фондунун Кеңешинин төрагасы

*Мен аймактын көйгөйүн жакындан билем, аны чечүү жолдорун да билем.*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

- Бюджеттик каражаттардын чыгымдалышына катуу көзөмөлдү камсыз кылуу;
- Саламаттыкты сактоо, билим берүү жана маданият кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатууну камсыз кылуу;
- Пенсионерлердин жана калктын социалдык жактан корголбогон башка катмарларынын жыргалчылыгын жакшыртууга умтулуу;
- Ноокен районунун ар бир үй -бүлөсүн "Таза суу" менен камсыз кылуу;
- Сугат жерлеринин аянтын көбөйтүү;
- Ирригациялык системаларды модернизациялоо программасын түзүү;
- Нарын дарыясынан суу алуу менен Жалал-Абад облусунун "Нарын"-"Майлы-Сай"-"Кара-Үңгүр" аралыгында жерлерди өздөштүрүү жана өнүктүрүү боюнча долбоорду ишке ашыруу;
- Дыйкандарга айыл чарба продукциясын өстүрүү жана аны сатуу үчүн шарттарды түзүү;
- Агроөнөр жай ишканаларын түзүү (кайра иштетүүчү заводдор, консерва заводдору, муздаткычтар, МТСтер ж.б.);
- Жерди өнүктүрүү долбоорун ишке ашыруу аркылуу keминде 10 000 (он миң) жумуш ордун түзүү жана камсыз кылуу;
- Мамлекеттик пенсия менен камсыздоонун милдеттүү топтолуучу компонентин аң -сезимдүү жана эффективдүү башкаруу жана ыктыярдуу топтолуучу пенсиялык системанын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу жарандардын татыктуу пенсиялык камсыздоого болгон укуктарын ишке ашырууда социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
НООКЕН Р-НУ, БҮРГӨНДҮ А., С.ТУРДАЛИЕВ КӨЧ. 54/2
ТЕЛ : 0772-512101; 0557-038581
ПОЧТА: MEDETBEKOV-1993@MAIL.RU

## №3 Матсаков Кадырбек Мусаевич



**Туулган датасы:** 31.03.1977
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жеке адвокаттык контора, адвокат

*Ташты төшөнүп, асманды жамынып, элиме кызмат кылам!*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

Урматтуу Кыргыз Республикасынын жарандары, урматтуу шайлоочулар, өлкөнүн келечеги сиздердин колуңуздарда.

Элибиздин жашоосун азыр жана ушул убакта өзгөртө турган мезгил төмөнкү реформаларды жүргүзүү менен аткарылат**:**

Мамлекетти башкаруу жана коррупция менен күрөшүү;

Экономика;

Өнөр жай өнүксө өлкө өнүгөт;

Аймактарды өнүктүрүү;

Кен байлыктардын кирешеси элге иштеш керек;

Айыл-чарба жана мал-чарбасы;

Билим, тил жана маданият;

Ден соолук тармагы;

Мүнкүнчүлүгү чектелген жана жетим балдарга көмөк көрсөтүү;

Турак-жайга укук;

Балага сүйүнчү;

Жашыл экономика;

Натыйжалуу эл аралык саясат;

Жарандардын коопсуздугу жана мыйзамдын үстөмдүгү;

Улуттук идея;

**Бардыгыбыз таза шайлоого, таза жолго!**

**Жашасын Кыргыз Республикасы!!!**

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
НООКЕН Р., САКАЛДЫ А., М.АРЗЫКУЛОВ №18.
ТЕЛ: 0773011101, 0551400101, 0709114011.
ПОЧТА: MATSAKOV77@MAIL.RU

## №4 Кадыркулов Мурат Калмаматович



**Туулган датасы:** 07.03.1986
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жеке ишкер

*Коррупцияга каршы курошуу*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

Жараткан колдоп, элим сүрөп Жогорку Кенешке депутат болуп калсам, беш багытта кардиналдуу реформа жасайм:

1. Конституциялык өзгөртүү жана толуктоо киргизүү. Кардиналдуу сот реформасын ишке ашырам. Райондук жана шаардык соттор эл арасында шайлоо аркылуу тандалат. Жогорку сот, облустук сот парламент аркылуу тандоо болот.
2. Билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармагында кардиналдуу реформа жасайм. Конкреттүү мыйзамдарды кабыл алуу билим тармагында коррупцияга каршы күрөшүү, мугалимдердин айлыктарын жогорулатуу, сапатуу билим берүүгө мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл буруу ж.б
3. Тышкы жана ички миграциянын программасы: экономика кризистик жагдайдан улам миңдеген жердештер чет өлкөдөн жумуш издешүүдө. Буга себеп жумушсуздук. Бул нерсеге терең көңүл буруу. Ушундан улам жөңгө салуунун укуктук негиздерин түзүү ж.б.
4. Жаштарды колдоо программасы: Мамлекет тарабынан жаштарды колдоо фондун түзүп, ачык коомдук идеяларын жайылтуу, жана мобилизациялар, жакшы таасир көрсөтө алган жаштардын тобун табуу жана аларга түрткү берүү керек.
5. Өлкөнүн кен байлыктарын жана ресурстарын калыс жана жекелештирип бөлүштүрүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
НООКЕН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ, НООКЕН АЙЫЛЫ,
ОРИЕНТИР ОШ-БИШКЕК АВТОЖОЛУНУН БОЮ
ТЕЛ.: 0(771) 429 046

## №5 Сыдыков Бактыбек Усенович



**Туулган датасы:** 18.07.1970
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
«АККА компаниялар тобу» ЖАК башкармалыгынын төрагасынын орун басары

*ЧЫНЧЫЛДЫК, ЭМГЕКЧИЛДИК, АСКЕТИЗМ*

**КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИН ПРОГРАММАСЫ:**

✓ Кошумча жумушчу орундарын түзүү менен жаңы өндүрүштү уюштурууга жана иштеп жаткан өнөр жай өндүрүшүн кеңейтүүгө көмөктөшүү.
✓ Соода-логистикалык борборду курууга жана ишке киргизүүгө көмөктөшүү.
✓ Кредиттик ресурстарды алууга көмөктөшүү.
✓ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарда айыл чарба участокторун пайдаланууга берүүгө көмөк көрсөтүү;
✓ Малды уюшкандыкта союу жана этти алгачкы иштетүү боюнча заманбап ишканаларды курууга көмөктөшүү.
✓ Аймактарда жаңы жана токтоп турган ишканаларды ишке киргизүүдө, анын ичинде айыл чарба продукциясын кайра иштетүү тармагында ишкерлерге көмөк көрсөтүү.
✓ Европа Реконструкциялоо жана Өнүктүрүү Банкынын каражаттарынын эсебинен катуу калдыктарды башкаруу системасын өркүндөтүү;
✓ Аймактарда калкты тейлөө борборлорун (КТБ) ачууга көмөктөшүү.
✓ Ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын куруу жана реабилитациялоо.
✓ Бардык орто мектептердин материалдык базасын жакшыртууга көмөк көрсөтүү.
✓ Дарылоо-профилактикалык уюмдардын материалдык базасын жакшыртууга көмөк көрсөтүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
НООКЕН Р-НУ, КОЧКОР-АТА Ш., САДОВАЯ К., 11.
ТЕЛ: +996 555 987 172
ПОЧТА: BAKYTVIENNA@MAIL.RU

# ТАТЫКТУУЛАРДЫ ТАНДАП – ӨНҮГҮҮНҮ ТАНДАЙБЫЗ!

TALAPKER.SHAILOO.GOV.KG - сайтында талапкерлер, алардын программалары, шайлоо фонддору жөнүндө кеңенирээк маалымат

КР БШК https://shailoo.gov.kg/ 0(312) 66 02 40 кэомдук кабыпдама, 1255 кыска номери